УДК 81-22
DOI 10.33514/1694-7851-2024-2/1-244-251

**Рысбек кызы Г.**
магистрант
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
barchyn258@gmail.com

## Ш.КАДЫРОВАНЫН КЫРГЫЗ ФОНЕТИКАСЫНА КИРГИЗГЕН САЛЫМЫ

**Аннотация.** Макалада Ш.Кадырованын кыргыз фонетикасынына кошкон салымы, кыргыз фонетикасынын кыскача тарыхы, Ш.Кадырованын кыскача өмүр баяны, тектеш эмес англис жана кыргыз тилдеринин окшоштуктары жана айырмачылыктары, англис тилин өздөштүрүүдө кыргыз окуучусунун кетирген каталары каралат. Ш.Кадырованын фонетика илиминде 1988-жылы «Азыркы кыргыз адабий тилиндеги сонанттарды эксперименттик-констративдик ыкма менен изилдөө» деген темада Т. К. Ахматовдун жетекчилиги астында кандидаттык диссертациясын коргошу, 2018-ж Ж. Сыдыковдун жетекчилиги астында «Англис, кыргыз тилдеринин фонетика-фонологиялык жана фоностилистикалык системаларын эксперименттик жана констративдик изилдөө» деген темада докторлук диссертациясын жакташы абдан маанилүү болгон. Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер, филология илимдеринин доктору, профессор, окумуштуу-тилчи Ш. Кадырова англис жана кыргыз тилиндеги тыбыштык системаларды изилдөө менен тил илиминде чоң, пайдалуу эмгектерин жараткан. Ш. Кадырова тарабынан англис тилиндеги түшүндүрмө эки тилдүү сөздүктөрдөн 132000 лексикалык сөз талданган. Алардын ичинен 11 331 сөз айтылыш жактан көп варианттуу. Сөздүктүн фоностилистикалык материалдары белгилүү лингвист Д.Э. Розенталдын "Радио жана теле берүү кызматкерлери үчүн басымдар сөздүгүнүн"(1984) материалдары менен салыштырылып текшерилген. Бул салыштыруунун жыйынтыгында азыркы англисче жана кыргызча сөздүктөрдө тил бирдиктеринин стилистикалык көркөмдүгүн сыпаттоодогу карама- каршылыктар аныкталып, белгиленген. Окумуштуу тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөнүн жүрүшүндө стилистикалык көркөмдүктүн фонетикалык каражаттары катары сөздүн тыбыштык курамы, басымдын орду, интонациянын өзгөрүшү жана алардын коннотативдик деңгээлдери каралып, эксперименттин ар бир этаптарында студиялык шартта кыргыз окуучулары тарабынан окулган 350 сөз жана 50 текст магниттик тасмага жаздырылган. Мындан сырткары эксперименттик материалдар нагыз англисче сүйлөөчүлөр тарабынан Лондондун Сарри университетинде жана Ленинград мамлекеттик университетинде (1987, 1991) жазылган. Кыргызча- англисче фонетикалык интерференцияны иликтөө боюнча эксперимент 1992- 1996 жана 2015-жылдары И. Арабаев атындагы КМУнун чет тилдер факультетинде жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунда жүргүзүлгөн.

**Негизги сөздөр:** тыбыш, фонетика, фонология, фоностилистика, артикуляция, фонема, айкалыш, сингармонизм, тектеш эмес тил

**Рысбек кызы Г.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева

г. Бишкек
barchyn258@gmail.com

## ВКЛАД Ш.КАДЫРОВОЙ В КЫРГЫЗСКУЮ ФОНЕТИКУ

**Аннотация**. В статье рассматривается вклад Ш. Кадыровой в киргизскую фонетику, краткая история киргизской фонетики, краткая биография Ш. Кадыровой, сходства и различия между неродственными английским и киргизским языками, ошибки, допущенные кыргызскими студентами при изучении английского языка. В 1988 году Ш.Кадырова под руководством Т. К. Ахматова защитила кандидатскую диссертацию на тему «Изучение сонантов в современном кыргызском литературном языке». В 2018 году под руководством Ж. Сыдыкова защитила докторскую диссертацию на тему «Фонетика и фонология английского, кыргызского языков и экспериментальное и конструктивное исследование фоно стилистических систем». Защита этих диссертаций имела большое значение для фонетики. Заслуженный работник образования КР, доктор филологических наук, профессор, учёный-лингвист Ш. Кадырова создала большие и полезные работы по лингвистике, изучая звуковые системы английского и кыргызского языков. Ш. Кадырова проанализировала 132 000 лексических слов из толковых двуязычных словарей на английском языке. Среди них 11331 слово имеют множество вариантов произношения. Фоно стилистические материалы словаря были сравнены и проверены с материалами известного лингвиста Д.Э. Розенталя (1984) «Словарь ударений для работников радио- и телевидения». В результате данного сравнения были выявлены и отмечены противоречия в описании стилистического искусства языковых единиц в современных английских и кыргызских словарях. В ходе исследования, проведенного ученым, в качестве фонетических средств стилистического искусства рассматривались фонетический состав слова, место ударения, смена интонации и их коннотативные уровни. На каждом этапе эксперимента прочитывалось 350 слов и 50 текстов. кыргызскими студентами в студийных условиях были записаны на магнитную ленту. Кроме того, экспериментальные материалы были написаны носителями английского языка в Лондонском Саррийском университете и Ленинградском государственном университете (1987, 1991). Эксперимент по исследованию кыргызско-английской фонетической интерференции был проведен в 1992-1996 и 2015 годах на факультете иностранных языков КГУ имени Арабаева и в академии науки Кыргызской Республики в институте языка и литературы имени Ч.Айтматова.

**Ключевые слова:** звук, фонетика, фонология, фоностилистика, артикуляция, фонема, сочетание, сингармонизм, неродственный язык

**Rysbek kyzy G.**
master’s student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
barchyn258@gmail.com

## SH. KADYROVA’S CONTRIBUTION TO KYRGYZ PHONETICS

**Abstract.** The article discusses Sh. Kadyrova's contribution to Kyrgyz phonetics, a brief history of Kyrgyz phonetics, a brief biography of Sh. Kadyrova, similarities and differences between the unrelated English and Kyrgyz languages, mistakes made by Kyrgyz students when

learning English. In 1988, Sh. Kadyrova, under the guidance of Zh. Sydykov, defended her Ph.D. thesis on the topic "Study of sonants in the modern Kyrgyz literary language." In 2018, under the guidance of T.K. Akhmatov, she defended her doctoral dissertation on the topic "Phonetics and phonology of the English, Kyrgyz languages and experimental and constructive research of phonostylistics systems." The defense of these dissertations had a great importance for phonetics. Honored Education Worker of the Kyrgyz Republic, Doctor of Philology, Professor, linguist Sh. Kadyrova created large and useful works on linguistics, studying the sound systems of the English and Kyrgyz languages. Sh. Kadyrova analyzed 132 000 lexical words from explanatory bilingual dictionaries in English. Among them, 11 331 words have multiple pronunciation options. The phonostylistics materials of the dictionary were compared and verified with the materials of the famous linguist D.E. Rosenthal (1984) "Dictionary of accents for radio and television workers." As a result of this comparison, contradictions were identified and noted in the description of the stylistic art of linguistic units in modern English and Kyrgyz dictionaries. In the course of the research conducted by the scientist, the phonetic composition of the word, place of stress, change of intonation and their connotative levels were considered as phonetic means of stylistic art. At each stage of the experiment, 350 words and 50 texts were read. by Kyrgyz students in studio conditions were recorded on magnetic tape. In addition, experimental materials were written by native English speakers at the University of London Sarria and Leningrad State University (1987, 1991). An experiment to study Kyrgyz-English phonetic interference was carried out in 1992-1996 and 2015 at the Faculty of Foreign Languages of Kyrgyz State University named after I Arabaev and at the Academy of Science of the Kyrgyz Republic at the Institute of Language and Literature named after Ch. Aitmatov.

**Key words:** sound, phonetics, phonology, phonostylistics, articulation, phoneme, combination, synharmonism, unrelated language

Фонетика – тилдин тыбыштык жүйөсүн ичине камтыган тил системасынын бир бөлүгү жана ал бөлүктү изилдеп үйрөтүүчү тил илиминин бир бөлүмү [7, 10 б.]. Фонетиканы өздөштүрүү теориялык жана практикалык жактан абдан маанилүү. Өзгөчө чет тилдеринин үйрөнүүдө өздөштүрүп жаткан тилдин артикуляциялык өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүү үчүн фонетиканы жакшы билүү зор жардам берет. Ш.Кадырова дал ушул багытта, англис жана кыргыз тилинин фонетикасын салыштырып изилдөө менен англис тилди үйрөнүүдө артикуляциялык каталарды белгилеп, аларды оңдоо жолдорун дагы көрсөтөт.

Кыргыз тили түрк тилдеринин ичинен байыркы тил, кыргыз тили бүгүнкү күнгө чейин узак жолду басып келди. Академик Б.М.Юнусалиев кыргыз тилинин калыптанышын 3 доорго бөлүп карайт:

IX-X кылымга чейинки кыргыз тили

XV-XVI кылымга чейинки кыргыз тили

XVI кылымдан баштап азыркы мезгилге чейинки кыргыз тили

Окумуштуу А.Жалилов XVI кылымдан кийинки кыргыз тилин изилдеп төмөнкүдөй кошумчаларды киргизген.

XV-XVII кк Моголстандык-жунгардык мезгил

XVIII кылымдан революцияга чейинки мезгил

Советтик мезгил [2, 4-5 б.]

Кыргыз фонетикасынын тарыхы V-IX да колдонулган Орхон-Эне-Сай жазууларына барып такалат. XI кылымдын экинчи жарымындагы "Дивану лугат-ит түрк" түрк тилдерин

жана тыбыштарды изилдеген алгачкы эмгек. Кыргыз фонетикасын изилдөө К.Тыныстановдун тыбыштарды топторго бөлүп кароосунан, тактап айтканда XX кылымдын 20-30-жылдарында гана ырааттуу түрдө иликтене баштайт. К.Тыныстановдун эмгектери бүгүнкү күндө илимий жаатта бир топ окумуштуулар тарабынан изилденип келет. Касым Тыныстан уулу кыргыз тилинин фонемалык системасын аныктоого, кыргыз тилинин нормативдик граматикасын түзүүгө, терминологиясын иштеп чыгууга, орфографиялык эрежелерин аныктоого көңүл буруп, бул маселелердин илимий-теориялык негизин аныктап, принциптерин, аспектилерин белгилөөдө чоң иштерди жасагандыгында жана кыргыз тилин окутууга байланыштуу иштерди уюштуруунун башатында тургандыгында талаш жок.[1, 16б.]

Кыргыз фонетикасы кыргыз тил илиминин дээрлик кенен да терең изилденген, атайын монографиялар жазылып, жождор үчүн окуу китептери, окуу куралдары түзүлгөн бөлүмү. Анын минтип бүгүнкүдөй бийик деңгээлге көтөрүлүшүнө И.Арабай уулу, А.Байтурсун уулу. К.Жубанов, К. Тыныстан уулу башында турган алгачкы кыргыз-казак агартуучуларынын да, алардын жолун жолдоп, чыйырын уланткан Б. Юнусалиев, К.Дыйканов, С.Кудайбергенов.Т.Ахматов, А.Орусбаев, Ж.Сыдыков, Т.Садыков, А. Жунисбеков, З. Базарбаева, К.Токтоналиев, Ч.Тулеева, Ш.Кадырова өндүү кийинки муундагы изилдөөчүлөрдүн да кошкон салымы, өтөгөн эмгектери өлчөөсүз. [7, 7 б.]. Ахматов Токтосун Керимбаевич, филология илимдеринин доктору, профессор, инструменттер менен изилдеген алгачкы окумуштуу. Ал эми окумуштуу Садыков Ташболот 1995-жылы "Кыргыз фонологиясы менен морфологиясынын теориялык негиздери" доктордук диссертациясын жактаган. Орусбаев Абдыкадыр, кыргыз тилинин акцентологиясын, тыбыштардын сегменттик жана суперсегменттик катышын, кубулушун эксперименталдык байкоо жолу менен изилдеген. Дыйканов Карбоз өзбек жана кыргыз фонетикасын салыштырган. Сыдыков Жеңишбек кыргыз жана англис фонетикаларын салыштырган [3, 117-118 б.].

Кыргыз жана англис тилдери өз ара тектеш эмес тилдер болгондугуна карабастан, бул тилдердин тыбыштык системаларына терең изилдөө жүргүзүп, тил илимдеринин өнүгүшүнө чоң салымын кошкон улуу окумуштуу Ш. К. Кадырованын илимий изилдөөлөрүнүн баалуулугун баса белгилеп кетүүгө болот. Англис жана кыргыз тилдериндеги фонетикалык өзгөчөлүктөргө окумуштуу терең маани берип, мамлекетибизде көп тилдүүлүк боюнча алгылыктуу иштер жүргүзүлүп жаткан учурда дүйнө мейкиндигинде расмий тил катары саналган англис тили менен мамлекеттик тилибиздин тыгыз байланышынын зарылдыгын эске алып, жалпы тил илиминде жана кыргыз тил илиминде да чоң маселелердин чечилүүсүнө негиз салган. Тектеш эмес англис жана кыргыз тилдеринин акустика-артикуляциялык, перцептивдик базаларында жана фоностиликалык окшоштук менен айырмачылыктарын ар тараптан ачып көрсөтүп, фонетикалык, фонологиялык, фоностилистикалык бирдиктерди практикада туура пайдаланууга жол ачкан.

Профессор, филология илимдеринин доктору Кадырова Шарипа Кадыровна 1944-жылы Ысык-Көл районунун Көк-Дөбө айылында туулган. 1961-1995-жылдары В.В.Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун Чет тилдер факультетинде билим алып, артыкчылык дипломуменен аяктаган. Алгачкы эмгек жолун Чолпон-Ата шаарындагы С.М.Киров атындагы орто мектетебинде англис тили мугалими болуудан баштаган. 1983-1985-жылдары Кыргыз ССРнин Улуттук Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун аспиранты болгон. 1966-жылдан тартып өмүрүнүн акырына чейин И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Чет тилдер

факультетинде окутуучу болуп эмгектенген. 1990-2015-жылдары И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин «Англис тилинин технологиясы, теориясы жана практикасы» кафедрасынын жетекчиси болуп кызмат өтөгөн. 1988-жылы «Азыркы кыргыз адабий тилиндеги сонанттарды эксперименттик-констративдик ыкма менен изилдөө» деген темада Т. К. Ахматовдун жетекчилиги астында кандидаттык диссертациясын коргогон, 2018-жылы Ж. Сыдыковдун жетекчилиги астында «Англис, кыргыз тилдеринин фонетика-фонологиялык жана фоностилистикалык системаларын эксперименттик жана констративдик изилдөө» деген темада докторлук диссертациясын жактап, 2019-жылы филология илимдеринин доктору болгон. Ш.Кадырованын англис тилинин фонетикасы, фонологиясы, методикасы жана башка темаларда 70 тен ашык илимий макаласы жарык көргөн, 50дөн ашуун магистрлик диссертацияларга жетекчилик кылган. Ш.Кадырованын алдында 4 аспирант кандидаттык диссертациясын коргогон. 1985-ж Улуу Британиянын Лондон шаарындагы Кэмбридж университетинде жана Сарри шаарындагы илимий борбордо эксперименталдык лабораторияда илимий иштерин эксперименттен өткөргөн. 1987-жылы илимий иштерин жана англис тилин практикалоо стажировкасы үчүн Ленинград шаарындагы Л.В. Щерба атындагы эксперименталдык лабораторияда эксперимент жүргүзгөн. 1995-жылы Австриянын Вена жана Зальсбург шаарларындагы университеттер менен тажрыйба алмашууга катышып келген. 2022-жылы 4-декабрда 78 жаш курагында каза болгон.

Ш. Кадыровнын негизги илимий эмгектери:

1.Кадырова Ш. Сонанты кыргызского языка. (англис тили менен салыштыруу) Монография. – Ф., 1993. – 190 б.

2.Кадырова Ш. Англис жана кыргыз тилдеринин констративдик фонетикасы. (эксперименталдык фонетикалык изилдөө). Окуу куралы. –Бишкек, 2008. – 343 б.

3.Кадырова Ш. Англис жана кыргыз тилдеринин салыштырма типологиясы. Окуу куралы. – Бишкек, 2002. – 112 б.

4.Кадырова Ш. Чет тилдерди ошол тилде сүйлөп окут. (англис, немис тилдеринин негизинде) Окуу-усулдук колдонмо. – Бишкек, - 2003. – 203 б.

5.Кадырова Ш. Текстке лингвистикалык талдоо жүргүзүү. Индивидуальный стиль автора (на основе американских писателей Э. Хемунгуэй и О.Генри). учебное пособие для студентов. – Бишкек, 2009. – 120 с.

6.Кадырова Ш. Англис тилинин фонетикасы (Теориясы жана практикасы) Окуу китеп. – Бишкек, - 2018. -385 б. (Министрликтин грифи менен).

Ш.Кадырова 1984-жылы Кыргыз ССРнин Жогорку жана орто билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы, 1988-жылы Эмгектин ардагери медалы, 1991-ж Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак грамотасы, 1992-жылы Кыргыз Республикасынын «Элге билим берүүнүн мыктысы» төш белгиси, 2006-жылы Кыргыз Республикасынын «Билим берүсүнө эмгек сиңирген кызматкер» ардактуу наамы, 2008-жылы И.Арабаев атындагы КМУнун «Ардактуу профессору», 2013-жылы И.Арабаев атындагы КМУнун «Илимдеги эмгеги үчүн» төш белгиси, 2019-жылы Кыргыз Республикасынын ЖАКтын чечими менен «Профессор» наамы, 2021-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин «Илимдин мыктысы» төш белгиси менен сыйланган.

Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер, филология илимдеринин доктору, профессор, окумуштуу-тилчи Ш. Кадырова англис жана кыргыз тилиндеги тыбыштык системаларды изилдөө менен тил илиминде чоң, пайдалуу эмгектерин

жараткан. Эки тилдин фонетикасына үңүлүп, анализдөөнүн өзү татаал жумуш экендиги ар бир изденүүчүгө белгилүү. Ш. Кадырова тарабынан англис тилиндеги түшүндүрмө эки тилдүү сөздүктөрдөн 132000 лексикалык сөз талданган. Алардын ичинен 11 331 сөз айтылыш жактан көп варианттуу. Сөздүктүн фоностилистикалык материалдары белгилүү лингвист Д.Э. Розенталдын "Радио жана теле берүү кызматкерлери үчүн басымдар сөздүгүнүн"(1984) материалдары менен салыштырылып текшерилген. Бул салыштыруунун жыйынтыгында азыркы англисче жана кыргызча сөздүктөрдө тил бирдиктеринин стилистикалык көркөмдүгүн сыпаттоодогу карама- каршылыктар аныкталып, белгиленген.

Окумуштуу тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөнүн жүрүшүндө стилистикалык көркөмдүктүн фонетикалык каражаттары катары сөздүн тыбыштык курамы, басымдын орду, интонациянын өзгөрүшү жана алардын коннотативдик деңгээлдери каралып, эксперименттин ар бир этаптарында студиялык шартта кыргыз окуучулары тарабынан окулган 350 сөз жана 50 текст магниттик тасмага жаздырылган. Мындан сырткары эксперименттик материалдар нагыз англисче сүйлөөчүлөр тарабынан Лондондун Сарри университетинде жана Ленинград мамлекеттик университетинде (1987, 1991) жазылган. Кыргызча- англисче фонетикалык интерференцияны иликтөө боюнча эксперимент 1992-1996-жылдары жана 2015-жылдары И. Арабаев атындагы КМУнун чет тилдер факультетинде жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунда жүргүзүлгөн. Экспериментке эки тилде тең сүйлөгөн 2- 3-курстун студенттери катышышып, катышуучулар 18-23 жаштагы айылдык жана шаардык кыргыз мектептердин бүтүрүүчүлөрү болушкан. Жазылган материалдын көлөмү жана мазмуну эксперименттин бардык этаптарында бирдей болгон. Материалдарга бири-биринен муундук жана морфологиялык түзүлүштөрү менен айырмаланган жана өз алдынча турган сөздөр колдонулган. Сөздөрдүн бир бөлүгү түрдүү коммуникативдик шарттарда бири–бири менен айкаштырылган жана тексттердин курамына киргизилген.

Ар бир тилдин өздүк системасы анын бөлүктөрүндө башкача курулат. Тилдин тыбыштык бөлүгү негизги ролду ойноору белгилүү. Ш.Кадырова азыркы мезгилде англис жана кыргыз тилдерин салыштырып изилдөө жана аларды пландуу түрдө өздөштүрүү күчүнө кирип жаткандыгын, бүгүнкү ааламдашуу доорунда кайсы гана тил болбосун өзгөчө англис тилин үйрөнүү, өздөштүрүү аны эне тил менен салыштыруу азыркы замандын негизги талабы экендигин белгилеген. Тектеш эмес англис жана кыргыз тилдерин салыштырып изилдөөнүн негизинде төмөндөгүдөй жыйынтыктарга келген: фонетика, фонология боюнча эки тилде курам жактан дал келбеген фонемалардын көптүгү, артикуляциялык жактан англис тилинде сүйлөө органдарынын күчтүү, ал эми кыргыз тилинде алсыз айтылышы, сан жагынан англис үнсүздөрүнүн көптүгү, кыргызчада [θ], [ð], [r] фонемаларынын жоктугу, үндүү+үнсүз, үнсүз+үндүү айкалыштарындагы кескин айырмачылык, тыбыштардын айкалышы боюнча эки тилде айрым окшоштуктар болгону менен, алар айырмачылыктардын ортосунда билинбей калат. Англис тилинде 3, 4, 5 мүчөлүү айкалыштар буга мисал боло алат. Кыргыз тилиндеги сингармонизм закону артикуляциялык процесстерде негизги пайдубал жана англис тилиндеги басымдын ролу канчалык маанилүү болсо кыргыз тилинде сингармонизм ошончолук маанилүү. Кыргыз тилиндеги үндүүлөр басымга көз каранды эмес. Кыргыз тилинде үндүүлөр гана муун түзө алса, англис тилинде үнсүздөр дагы муун түзө алат.

Ш.Кадырова англис тилин үйрөнүп жаткан студенттерге дагы, үйрөтүп жаткан мугалимдерге дагы тилди үйрөтүп жаткан мугалимдердин дагы каталарын белгилеп, аларды

ондоо жолдорун көрсөткөн. Мисалы: [t, d, n, l) тыбыштарын артикуляциялоо орду туура эместигинде каталык жатат, себеби тилдин туюк учу тиштерге кысылган абалда болот. Катаны оңдоо үчүн, баамдап өзүн-өзү көзөмөлдөөнү колдонуу менен, тилдин учу менен альвеолдорду табыңыз (тилдин устундогу дөмпөктөрдү) жана алардын үстүнө тилдин учун перпендикулярдуу коюп, ондолуп жаткан тыбышты бир нече ирет айтыныз. [8, 245 б.] Чет тилин үйрөнүп жаткан окуучу үйрөнүп жаткан тилдин тыбыштарын айтууда аң сезимсиз окшоштуруу колдонот. Каталарды тууралоону көздөп жатып окуучу тыбыштарды айтууда эне тилине угулушу окшош тыбыш менен алмаштырып алат. Музыкалык жөндөмдүлүүгү жогору окуучулар гана тыбыштарды айтууда тилдин артикуляциясын туура айтышы мүмкүн. Бирок көпчүлүк учурда окуучу ката кетирет, ошондуктан үйрөнүп жаткан тилдин артикуляциясын өздөштүрүү абдан маанилүү. Тыбышты туура айтууда кеп органдарынын иштеши талдоого алынышы керек.

Жыйынтыктап айтканда, Ш.Кадырова англис жана кыргыз тилдериндеги фонетикалык өзгөчөлүктөргө терең маани берип, дүйнө мейкиндигинде расмий тил катары саналган англис тили менен мамлекеттик тилибиздин тыгыз байланышынын зарылдыгын эске алып, жалпы тил илиминде жана кыргыз тил илиминде да чоң маселелердин чечилүүсүнө негиз салган. Тектеш эмес англис жана кыргыз тилдеринин акустика-артикуляциялык, перцептивдик базаларында жана фоностиликалык окшоштук менен айырмачылыктарын ар тараптан ачып көрсөтүп, фонетикалык, фонологиялык, фоностилистикалык бирдиктерди практикада туура пайдаланууга жол ачкан. Окумуштуу тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөнүн жүрүшүндө стилистикалык көркөмдүктүн фонетикалык каражаттары катары сөздүн тыбыштык курамы, басымдын орду, интонациянын өзгөрүшү жана алардын коннотативдик деңгээлдери каралган. Ш.Кадырова кыргыз жана англис тилдери өз ара тектеш эмес тилдер болгондугуна карабастан, бул тилдердин тыбыштык системаларына терең изилдөө жүргүзүп, тил илимдеринин өнүгүшүнө чоң салымын кошкон улуу окумуштуу.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Абдыкалыкова А.А. Э. АРАБАЕВ ЖАНА К. ТЫНЫСТАНОВ – КЫРГЫЗ ТИЛ ИЛИМИНИН БАШАТЫ // Вестник И. Арабаев атындагы КМУ – Бишкек, – 2022. – №4. – 16-б.
2. А.Акунова, О.Намазбеков, А.Өмүрова Азыркы кыргыз тили Фонетика. – Бишкек, 2001.
3. Жапаров Ш., Сыдыкова Т. Азыркы кыргыз тилинин фонетикасы. – Бишкек, 2013.
4. Жапаров Ш., Сыдыкова Т. Азыркы кыргыз тилинин фонетикасы. – Бишкек, 2015.
5. Кадырова Ш.К. Англис жана кыргыз тилдеринин фонетика-фонологиялык жана фоностилистикалык системаларын эксперименттик-констративдик изилдөө. – Бишкек, 2018.
6. Кадырова Ш.К. Тектеш эмес тилдердин фонологиялык системасында айрым өзгөчөлүктөрү (англис, кыргыз тилдеринин материалдарынын негизинде) // Scientific Cooperation Center "Interactive plus". – Бишкек, 2018.
7. Сыдыков Т.С., Токтоналиев К.Т. Азыркы кыргыз тили: фонетика, фонология жана интология. – Бишкек, 2021.
8. Sh.K. Kadyrova English Phonetics (Theory and Practice) A Manual for Students. – Bishkek, 2018.

**Рецензент: педагогика илимдеринин доктору, профессор Сартбекова Н.К.**